**Көркөм өнөр сабагы боюнча баалоо критерийлери**

**"5"** - графиканын пайда болуу тарыхын айтып берсе, графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын аныктай алса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп берсе: - конструкция; - компоновка; - пропорция; - симметрия; - деңгээл сызыгы; -перспектива; композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б., жаратылышты тартып, түстөрдү туура пайдаланса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын айтып берсе, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө алса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай алса;

**"4"** - графиканын пайда болуу тарыхын айтып берүүдө бир аз кыйналса , графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын толук аныктай албаса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп берүүдө конструкция, компоновка, пропорция, симметрия,деңгээл сызыгы,перспектива, композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б. толук колдоно албаса, жаратылышты тартып, түстөрдү туура эмес пайдаланса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын толук айтып бербесе, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө алса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай алса;

**"3"** - графиканын пайда болуу тарыхын толук айтып бере албаса, графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын аныктай албаса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп бербесе, конструкция, компоновка; - пропорция; - симметрия; - деңгээл сызыгы; -перспектива; композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б, жаратылышты тартып, түстөрдү туура пайдаланбаса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын айтып бере албаса, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө албаса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай албаса;